**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ТАЖИК УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**К.08.17.564 МАМЛЕКЕТТЕР АРАЛЫК ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕНЕШИ**

*Кол жазма укугунда* УДК**33+366+327 (575.3) (575.2)**

**ОЛИМОВ ИСЛОМХУДЖА АХМАДОВИЧ**

# АЗЫК-ТҮЛҮК КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗДОО СТРАТЕГИЯСЫН ИШКЕ АШЫРУУДАГЫ КЕРЕКТӨӨ КООПЕРАЦИЯСЫНЫН РОЛУ

Адистик 08.00.05 «Эл чарбасын экономикасы жана башкаруу (экономика, ишкананы, тармакты, комплекстерди уюштуруу жана башкаруу – тейлөө чөйрөсү)»

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Душанбе-2018

Диссертациялык иш Россия-Таджик (Славян) университетинде аткарылган

**Илимий жетекчи:** **Пиризода Дж.С.** экономика илимдеринин доктору,профессор

**Расмий оппоненттер**: **Давлатзода Кодир Камбар**

____________________________________

экономика илимдеринин доктору, профессор

**Кодыровой Зарине**

____________________________

экономика илимдеринин доктору, профессор

**Жетектөөчү мекеме:** **Таджик Республикасынын экономикалык өнүгүү жана соода Министрлиги, Душанбе ш., Бохтар, 37**

Диссертациялык иш 2018-жылдын 20-апрелинде саат 16-00дө Жалал-Абад эл аралык университетинин, Ош мамлекеттик университетинн жана Тажик улуттук университетинин алдындагы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча өтө турган К.08.17.564 мамлекеттер аралык диссертациялык кенешинде К.Ш. Токтомаматов атындагы илим изилдөө, иштеп чыгуу жана инновация борборунда корголот. Дареги: Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары, Женижок көчөсү, 30.

Диссертация менен Жалал-Абад шаарындагы Эл аралык университетинин илимий китепканасында таанышууга болот. Дареги: Жалал-Абад шаары, Женижок көчөсү, 30.

Автореферат 2018-жылдын «20» мартында таркатылды.

**К.08.17.564 мамлекеттер аралык диссертациялык кенешинин окумуштуу катчысы,**
**экономика илимдеринин доктору, профессор** **Низомов С.Ф.**

# ИШКЕ ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

**Изилденген теманын актуалдуулугу.** Ар кандай мамлекетте жашоо-тиричиликтин эң маанилүү шарты болуп калкты туруктуу азык-түлүк менен камсыздоо эсептелип, ал улуттук азык-түлүк коопсуздугун жана көз карандысыздыгын аныктайт. Көпчүлүк өнүккөн өлкөлөрдө азык-түлүк менен камсыз кылууда кооперативдер менен алардын бирикмелери башкы ролду ойношот. Тажикстанда азык-түлүк менен камсыздоодогу керектөөчүлүк кооперациясынын орду тууралуу маселе өзгөчө илимий жана практикалык кызыгууну жаратып, тереңдетип изилдөөнү талап кылат. Агроөнөр-жай комплексинин (АӨЖКнин) ар кандай тармактарынын субъектилеринин ортосунда өз ара пайдалуу байланыштарды түзүүдө, азык-түлүк менен камсыздоо системасынын натыйжалуулугун арттырууда айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн, даярдоонун, кайра иштетүүнүн жана реализациялоонун бардык этаптарынын технологиялык, экономикалык жана уюштуруучулук-башкаруучулук биримдигин камсыз кылуучу керектөөчүлүк кооперациясы өзгөчө мааниге ээ.

Мындан улам азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу системасын өнүктүрүүдө керектөөчүлүк кооперациясынын орду жана ролу боюнча илимий негизделген сунуштарды жана рекомендацияларды иштеп чыгуунун актуалдуулугу улам жогорулоодо. Азык-түлүк коопсуздугу жана азык-түлүк көз карандысыздыгы көйгөйүнүн актуалдуулугу, керектөөчүлүк кооперациясынын азык-түлүк менен камсыздоо системасындагы мааниси, аталган маселелердин илимий жана практикалык кызыгууну жаратышы диссертациялык иштин темасын тандоого жана изилдөөнүн багыттарын аныктоого негиз түздү.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илим-изилдөө иштери менен байланышы.** Тажикстанда алдыдагы 15 жылга стратегиялык максаттар аныкталган, алардын бири болуп азык-түлүк коопсуздугун жана калкка сапаттуу тамактануунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу эсептелет. Бул багытта агрардык сектордогу реформаны натыйжалуу улантуу, АӨЖКнин институционалдык негиздерин өркүндөтүү, жалпы эле АӨЖКнин жана анын түзүүчүлөрүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу абдан маанилүү.

Буга байланыштуу, изилдөөнүн темасы төмөнкү программаларды жана стратегиялык документтерди иштеп чыгуу жана ишке ашыруу менен тыгыз байланышкан: 2012-2020-жылдарга Тажикстандын айыл чарбасын реформалоонун программасы; Тажик Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 26-ноябрындагы №502 "Тажик Республикасынын 2016-2020-жылдарга орто мөөнөттүк өнүгүүсүнүн Программасынын долбоору жөнүндө" токтому; Тажик Республикасынын 2030-жылга чейинки өнүгүүсүнүн улуттук стратегиясы жөнүндө токтому; Тажик Республикасынын Агроөнөр-жай комплексинин инновациялык өнүгүүсүнүн концепциясы (Тажик Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-мартындагы №144 токтому менен бекитилген); 2018-2023-жылдарга азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун программасы.

**Маселенин изилденүү деңгээли.** Азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо системасында кооперацияны өнүктүрүү маселелери Абдукаримова И.Т., Абалкин И., Алтухов А.И., Арефьев В.И., Борхунов Н.А., Бойков В.Э., Володина Н.Г., Возжеников А.В., Гончаров В.Д., Добрынин А.Н., Егерева О.А., Есипов В.М., Загайтов И.Б., Коваленко Н.Я., Кондрашова О.Н. ж.б. орус окумуштууларынын илимий изилдөөлөрүндө чагылдырылган.

Тажик окумуштууларынын ичинен бул көйгөйдү изилдөөгө А.Д. Джабаров, А.А. Мадаминов, Б. Исоматов, Дж.С. Пириев, И.А. Асроров, И.С. Ашуров, З.Д. Туйчикулов, З.Шарипов, М.М.Шарипов, М. Хасанов, Н.К. Каюмов, Р.Р. Кудратов, Р.К. Рахимов, С.Комилов, С.Х. Хабибов, Х.Н. Факеров, Х. Гафуров, Х. Умаров, Ш.Ш. Бозоров сыяктуу илимпоздордун эмгектери арналган.

**Изилдөөнүн максаты жана маселелери.** Изилдөөнүн башкы максатын керектөөчүлүк кооперациясын өнүктүрүүнүн теориялык-методологиялык негиздерин изилдөө, анын азык-түлүк коопсуздугун камсыздоодогу ролун баалоо жана керектөөчүлүк кооперациясы системасын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу көз карашынан өнүктүрүү боюнча тыянактарды жана сунуштарды иштеп чыгуу түздү. Изилдөөнүн максатына ылайык иште төмөнкү маселелер аныкталды жана чечилди:

- керектөөчүлүк кооперациясын өнүктүрүүнүн теориялык-методологиялык негиздерин, анын маңызын ачып көрсөтүү, республиканын АӨЖКдеги керектөөчүлүк кооперациясынын, анын ичинен аны азыркы шарттарда модернизациялоонун ордун жана ролун, азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо контекстинен алып аныктоо;
- өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун теориялык-методологиялык негиздерин аныктоо, анын маңызын жана өзгөчөлүктөрүн агроазык-түлүк чөйрөсүн өнүктүрүүнүн заманбап факторлорун эске алуу менен тактоо;
- азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу боюнча кырдаалдын анализин жүргүзүү, азык-түлүк көз карандысыздыгына жетүүнүн деңгээлин баалоо жана негизги азык-түлүк товарларын өндүрүүнүн божомолун жасоо;
- керектөөчүлүк кооперациясынын өндүрүү-даярдоо жана сатуу ишмердүүлүгүнүн анализин жүргүзүү, керектөөчүлүк кооперациясынын учурдагы абалын жана анын өнүгүүсүнө тышкы шарттардын таасирин баалоо;
- керектөөчүлүк кооперациясынын өнүгүү перспективаларын аныктоо жана керектөөчүлүк кооперация уюмдарын башкаруу системасын өркүндөтүү боюнча рекомендацияларды иштеп чыгуу;
- агрардык секторду туруктуу өнүктүрүүнүн, республикада азык-түлүк көз карандысыздыгына жетишүүнүн жана азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу көйгөйлөрүн чечүүнүн негизги багыттарын аныктоо.

***Изилдөөнүн предмети*** - Тажик Республикасында азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо процессинде жана керектөөчүлүк кооперациясын өнүктүрүүдө келип чыккан уюштуруучулук-экономикалык мамилелер.

***Изилдөөнүн объектиси*** - азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо системасы жана керектөөчүлүк кооперация уюмдарынын өлкөнүн азык-түлүк көз карандысыздыгына жана коопсуздугуна жетүү жолундагы ишмердүүлүгү.

*Изилдөөнүн теориялык негиздерин* ата мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуулардын керектөөчүлүк кооперациясын өнүктүрүү жана и азык-түлүк коопсуздугу маселелерин терең жана кеңири изилдөөгө арналган эмгектери түздү.

*Изилдөөнүн методологиялык негиздери катары* экономикалык жана юридикалык дисциплиналар комплексине жана аларга тектеш билимдерге таянган анализдин жана синтездин заманбап усулдарынын (системалык жана диалектикалык ыкмалардын) жыйындысы, экономикалык-статистикалык ыкмалар, аналогиялар, салыштырмалуу жана эксперттик баалоолор ыкмалары колдонулду.

*Иштин маалыматтык негиздерин* Тажик Республикасынын Президентинин алдындагы Статистика боюнча агенттиктин расмий статистикалык материалдары; Тажикстандын керектөөчүлүк кооперациясынын акыркы съездинин материалдары; ата мекендик жана чет өлкөлүк илимий журналдарда жарык көргөн маалыматтар түздү. Мындан тышкары керектөөчүлүк коомдорунун "Тажикматлубот" Тажик республикалык союзунун, Тажик Республикасынын Айыл чарба министрлигинин материалдары, илимий жана атайын басылмалардагы публикациялар, ошондой эле тема боюнча Интернет тармагынан алынган маалыматтар колдонулду.

Диссертациялык иштин **илимий жаңылыгын** төмөнкүлөр түздү:

- керектөөчүлүк кооперациясын өнүктүрүүнүн теориялык-методологиялык негиздери аныкталды, анын маңызы ачып көрсөтүлдү, республиканын АӨЖКдеги кайра өндүрүү процесстерин өнүктүрүү ыкмаларын жана азыркы шарттарда аны модернизациялоонун негизги шарттарын эске алуу менен керектөөчүлүк кооперациясынын орду жана ролу азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу контекстинен алып аныкталды;
- Тажик Республикасынын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун теориялык-методологиялык негиздери аныкталды, анын маңызы жана өзгөчөлүктөрү агроазык-түлүк чөйрөсүн өнүктүрүүнүн заманбап факторлорун эске алуу менен такталды;
- азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу боюнча кырдаалдын, азык-түлүк көз карандысыздыгына жетүү деңгээлинин анализи жүргүзүлдү жана негизги азык-түлүк товарларын өндүрүүнүн божомолу жасалды;
- керектөөчүлүк кооперациясынын өндүрүү-даярдоо жана сатуу ишмердүүлүгүнүн анализи жүргүзүлдү, анын учурдагы абалы жана анын өнүгүүсүнө тышкы шарттардын таасири бааланды;
- керектөөчүлүк кооперациясын өнүктүрүүнүн негизги багыттары, керектөөчүлүк кооперация уюмдарын башкаруу системасын өркүндөтүү боюнча концептуалдык көз караштар аныкталды жана негизделди;

- азык-түлүк көз карандысыздыгына жетишүү жолунда агрардык сектордун өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу максатында секторду туруктуу өнүктүрүүнүн негизги багыттары аныкталды.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Диссертациянын илимий жоболору, негизделген тыянактары жана сунуштары, эң оболу, керектөөчүлүк кооперациясынын жана азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо системасынын теориялык-методологиялык базасын өнүктүрүүгө шарт түзүп, укуктук-ченемдик документтерди, ошондой эле керектөөчүлүк кооперация уюмдарын жана республиканын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу системасын өнүктүрүүнүн ар кандай пландарын жана программаларын иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн. Изилдөөнүн жүрүшүндө кабыл алынган баалоо жана талдоо ыкмалары Тажик Республикасынын тиешелүү мамлекеттик бийлик органдары жана чарбалык субъектилери тарабынан практикалык ишмердүүлүгүнүн анализин жүргүзүүдө пайдаланышы мүмкүн.

**Алынган натыйжалардын экономикалык мааниси.** Диссертациянын илимий жоболорунун, тыянактарынын жана рекомендацияларынын негиздүүлүк даражасы аларды керектөөчүлүк кооперациясын жана азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо системасын өнүктүрүү механизмдерин иштеп чыгууда жана өркүндөтүүдө пайдалануу, керектөөчүлүк кооперация уюмдарынын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун ички резервдерин жана республиканын азык-түлүк көз карандысыздыгына жетүү потенциалынын резервдерин ачып көрсөтүү мүмкүндүгүндө турат. Аныкталган резервдер боюнча иш-чараларды толук кандуу ишке ашыруу керектөөчүлүк кооперация уюмдарынын ишмердүүлүгүнүн кирешелүүлүгүн жана рентабелдүүлүгүн максималдаштырууга шарт түзөт жана Тажик Республикасынын калкына азык-түлүк продуктуларынын жеткиликтүүлүгүн, өзгөчө экономикалык жеткиликтүүлүгүн жакшыртат.

**Коргоого алынып чыгуучу негизги жоболор:**

1. Керектөөчүлүк кооперациясын өнүктүрүүнүн теориялык-методологиялык негиздери аныкталды, анын республиканын АӨЖК системасындагы жана өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуудагы ролу негизделди;
2. Азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо системасын өнүктүрүүнүн теориялык-методологиялык негиздери өркүндөтүлдү, бул көйгөйдү агроазык-түлүк чөйрөсүн өнүктүрүүнүн заманбап факторлорун эске алуу менен чечүүнүн өзгөчөлүктөрү аныкталды;
3. Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу боюнча кырдаалдын, азык-түлүк көз карандысыздыгына жетүү деңгээлинин анализи жүргүзүлдү жана негизги азык-түлүк товарларын өндүрүүнүн божомолу жасалды;
4. Керектөөчүлүк кооперациясынын өндүрүү-даярдоо жана сатуу ишмердүүлүгүнүн анализи жүргүзүлдү, анын көйгөйлөрү, кемчиликтери, ошондой эле керектөөчүлүк кооперация системасынын өнүгүүсүнө таасир тийгизген факторлор аныкталды;

5. Керектөөчүлүк кооперация уюмдарынын ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн негизги багыттары азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо контекстинде аныкталды;

6. Агрардык секторду туруктуу өнүктүрүү боюнча рекомендациялар жана өлкөнүн азык-түлүк көз карандысыздыгын камсыз кылуу көйгөйүн чечүүнүн жолдору иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн натыйжаларын сыноодон өткөрүү жана кийирүү.** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары автордун макалаларында, илимий, илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда, тегерек столдордо жасаган баяндамаларында чагылдырылды.

Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана тыянактары боюнча жалпы көлөмү 14,97 б.т. түзгөн 13 илимий иш, анын ичинен 4 макала РИНЦте индекстелген басылмаларда, 2 макала Кыргыз Республикасынын ЖАК тарабынан сунуш кылынган басылмаларда, 7 макала илимий-практикалык конференциялардын материалдарында жана Германиянын (УООН), Кытай эл республикасынын (KIDF) эл аралык басылмаларында жана жер кыртышын сактоо боюнча эл аралык журналда (International Yearbook of Soil Law and Policy, Австралия) жарык көрдү.

**Иштин түзүлүшү жана көлөмү**. Диссертациялык иш киришүүдөн, 3 бөлүмдөн, корутундудан жана колдонулган булактардын тизмесинен турат.

Киришүүдө тандалып алынган теманын актуалдуулугу негизделип, изилдөөнүн максаты жана маселелери, анын методологиялык негиздери, алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы жана практикалык маанилүүлүгү аныкталды, сыноодон өткөрүү жана публикациялар боюнча маалыматтар берилди.

## КОРГООГО АЛЫНЫП ЧЫГУУЧУ НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР

*1-жобо. Керектөөчүлүк кооперациясын өнүктүрүүнүн теориялык-методологиялык негиздери аныкталды, анын республиканын АӨЖК системасындагы жана өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуудагы ролу негизделди*

АӨЖКдеги керектөөчүлүк кооперациясы деп азык-түлүк товарларын өндүрүүнү, кайра иштетүүнү жана реализациялоону уюштурууга жана тейлөөгө биргелешип катышкан чарба жүргүзүүчү субъектилердин экономикалык жана өндүрүштүк байланыштарынын системасы аталат.

Кооперация экономиканын агрардык секторунда чарба жүргүзүүнүн башка формаларына салыштырмалуу бир нече артыкчылыктарга ээ: кооператив мүчөлөрүнүн анын ишмердүүлүгүн башкарууга катышуу мүмкүнчүлүгү, кооперативдин мүчөлөрү үчүн ишенимдүү сатуу рыногунун камсыз кылынышы, кооператив башкармалыгына шайлоонун демократиялуулугу ж.б.

Кооперацияны туруктуу өнүктүрүүнүн эң маанилүү шарты болуп кооперативдик системаны жайылтууга шыктандырган сапаттуу укуктук база эсептелет. Кредиттик кооперацияга мамлекеттик каржылык колдоо көрсөтүүнү камсыз кылуу үчүн укуктук негиздерди өркүндөтүү зарыл, бул

калктын каражаттарын өз ара ыңгайлуу шарттарда тартуу үчүн айылдык кредиттик кооперациянын кепилденген фондун түзүүгө жергиликтүү бюджеттин каражаттарын тартууга шарт түзөт. АӨЖКнин ишмердүүлүгүнүн чөйрөсү катары керектөөчүлүк кооперациясы азык-түлүк рыногун азык-түлүк товарлары менен, анын ичинен менчик өндүрүштүн эсебинен каныктырууга мүмкүндүк берет.

Кооперация АӨЖК өнүктүрүүнүн маанилүү багыты болуп эсептелет, анда айыл чарба керектөөчүлүк (даярдап берүүчү, камсыздоо-сатуу жана айрыкча насыя) кооперативдери өзгөчө роль ойнойт. Керектөөчүлүк кооперация уюмдарынын негизги ишмердүүлүгү азык-түлүктүн чекене соода ишканаларына же керектөөчүлүк кооперациясынын кайра иштетүү ишканаларына товардык кыймылын уюштурууга багытталат. Керектөөчүлүк кооперацияларынын алкагында адамдар керектөөчүлүк товарларды сатып алуу, өндүрүү, жана андан ары аларды өздөрүнүн уюмунун мүчөлөрүнө жана калкка сатуу менен биргелешип алектенишет.

Тажик Республикасында керектөөчүлүк кооперациясынын ишканалары тарабынан сунуш кылынган товарлардын ассортименти анча көп эмес болгон менен, айыл калкын азык-түлүк, ошондой эле азык-түлүк эмес товарлар менен камсыз кылууга олуттуу салым кошууда. Аларга, негизинен, нан жана нан азыктары, колбаса, кондитердик, макарон азыктары, консервалар, суусундуктар, өсүмдүк майлары, жашылчалар, мөмө-жемиштер ж.б.у.с. кирет.

*2-жобо. Азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо системасын өнүктүрүүнүн теориялык-методологиялык негиздери өркүндөтүлдү, бул көйгөйдү агроазык-түлүк чөйрөсүн өнүктүрүүнүн заманбап факторлорун эске алуу менен чечүүнүн өзгөчөлүктөрү аныкталды*

Азык-түлүк көйгөйү өлкөнүн улуттук коопсуздугун камсыздоо жаатындагы саясатынын эң маанилүү структуралык элементи болуп саналат. «Азык-түлүк коопсуздугу» термининин ар кандай аныктамаларын талдап чыгып, бул түшүнүккө өлкөнүн азык-түлүк менен өзүн-өзү камсыздашы да, калктын тамактануусунун баланстуулугу менен толук кандуулугу да, азык-түлүктүн сапаты менен жеткиликтүүлүгү да, мамлекеттин азык-түлүк менен камсыздоо үчүн жоопкерчилиги да кирет деп тыянак чыгарууга болот. Чет өлкөлүк жана ата мекендик адабияттардын маалыматтарын изилдеп чыгып, төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

- биринчиден, «азык-түлүк коопсуздугу» түшүнүгүнүн чечмеленишинде өлкөнүн жана ар бир жарандын азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо үчүн мамлекеттин жоопкерчилиги чагылдырылууга тийиш. Ошондой эле бул түшүнүк калктын саламаттыгын сактоо үчүн зарыл болгон муктаждыктардын деңгээлин; азык-түлүктү керектөөнүн зарыл болгон жана сапаттык деңгээлинин экономикалык жана физикалык жактан жеткиликтүүлүгүн, азык-түлүк продукцияларына муктаждыкты канааттандыруунун булактарын камтышы керек;

- экинчиден, азык-түлүк коопсуздугу объектилерине, дүйнөлүк коомчулук менен бирге, өз алдынча мамлекет, жана анын жашоого укуктуу болгон ар бир жараны кирет.

Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсү, иш жүзүндө, коомдун социалдык-экономикалык стабилдүүлүгүнүн, мамлекеттин экономикалык коопсуздугунун жана саясий көз карандысыздыгынын кепилдиги катары кызмат кылып, өлкөнүн бүтүндөй агроөнөр-жай комплексин (АӨЖК) камтыйт.

Мындан улам, азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун негизги факторлору аныкталды (1-чийме.).

| |
|---|
| Азык-түлүк коопсуздугунун деңгээлин жогорулатуу максатында жогорку натыйжалуу агроазык-түлүк саясатын жүргүзүү |
| Республиканын агроазык-түлүк чөйрөсүн туруктуу өнүктүрүү үчүн тиешелүү экономикалык шарттарды камсыздоо |
| Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун негизги шарты катары айыл чарбасындагы кайталап өндүрүү процесстеринде бардык чарба жүргүзүүчү субъектилер үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө жетишүү жана түзүү |
| Азык-түлүктү өндүрүү мүмкүнчүлүктөрүн көбөйтүү максатында агроазык-түлүк чөйрөсүндө рыноктук түзүмдөрдү калыптандыруу жана өнүктүрүү |
| Агроазык-түлүк чөйрөсүндө инновациялык процесстерди өнүктүрүү жана азык-түлүк товарларынын импортунан көз карандылыктын деңгээлин төмөндөтүү |
| Экономиканын агрардык чөйрөсүн инновациялык өнүктүрүү шарттарында айыл чарба өндүрүшүн модернизациялоо |
| Квалификациялуу кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо, эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу, социалдык шарттарды камсыздоо |
| Азык-түлүк менен өзүн-өзү камсыз кылуунун деңгээлин жогорулатуу максатында алдыңкы технологияларды кийирүүнүн негизинде ресурстарды туруктуу башкаруу |
| Агроазык-түлүк чөйрөсүнүн жана азык-түлүк рыногунун экономикалык коопсуздугун камсыздоо |
| Жер жана каржы-насыя мамилелери, материалдык-техникалык камсыздоо чөйрөлөрүн, азык-түлүк рынокторун экономикалык кылмыштуулуктун таасиринен коргоо |
| Агроазык-түлүк чөйрөсүндөгү экономикалык, каржы-насыя жана жер мамилелериндеги көмүскө процесстерге каршы иш-аракеттер |

**1-чийме. Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун негизги факторлору**

*3-жобо. Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу боюнча кырдаалдын, азык-түлүк көз карандысыздыгына жетүү деңгээлинин анализи жүргүзүлдү жана негизги азык-түлүк товарларын өндүрүүнүн божомолу жасалды*

Тажик Республикасынын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу системасынын ресурстук базасы катары айыл чарбасынын учурдагы абалын баалоодо төмөнкүлөр аныкталды: 2000-жылдан 2015-жылга чейинки аралыкта республикада дандын дүң жыйымы 550,1 миң тоннадан 1392,7 миң тоннага,

же 253,1%, картошка 302,9 миң тоннадан 887,4 миң тоннага, же 292,9% көбөйгөн (1-табл.).

1-таблица – Негизги тамак-аш азыктарынын дүң жыйымынын динамикасы (Тажик Республикасынын бардык категориялардагы чарбаларында, миң т)

| Көрсөткүчтөр | Жылдар | | | | | 2015-ж. 2000-ж. карата % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1991 | 2000 | 2011 | 2013 | 2015 | |
| дан эгиндери (баары) | 291,9* | 550,1 | 1098,2 | 1392,6 | 1392,7 | 253,1 |
| картошка | 106,0* | 302,9 | 863,1 | 1115,7 | 887,4 | 292,9 |
| жашылчалар | 322,5* | 344,0 | 1242,0 | 1490,6 | 1667,8 | 484,8 |
| бакча эгиндери | 55,1* | 95,2 | 423,3 | 495,2 | 592,4 | 622,2 |
| эт | 150,7 | 59,6 | 150,8 | 172,9 | 217,7 | 365,2 |
| сүт | 587,2 | 309,9 | 695,9 | 828,1 | 888,9 | 286,8 |
| жумуртка (млн даана) | 454,3 | - | 254,7 | 343,7 | 357,2 | 1085,7 |

* айыл чарба ишканаларында

*Булагы:* Тажик Республикасынын айыл чарбасы. Стат. жыйнак. – Душанбе: 2012. - 140-174-бб., - 268-276-бб.; Тажикстан сандарда. Стат. жыйнак. – Душанбе: 2015. - 90-102-бб. негизинде автор тарабынан эсептелди.

Ошондой эле, Тажик Республикасынын бардык категориялардагы чарбаларында мал чарба продуктуларынын негизги түрлөрүн өндүрүү 2015-жылы 2000-жылга салыштырмалуу көбөйүү тенденциясына ээ болгон. Алсак, сүт өндүрүү 309,0 миң тоннадан 888,9 миң тоннага, же 286,8%, эт өндүрүү 59,6 миң тоннадан 217,7 миң тоннага, же 365,2 % көбөйгөн.

Мында республикада акыркы жылдары канаттуулар чарбасы абдан өнүккөн. Алсак, 2011-жылдан 2015-жылга чейин жумуртка өндүрүү 254,8 млн даанадан 357,2 млн даанага жетип, 12,5 млн даанага, же 140,2 % жогорулаган.

Республикада мал чарба продукциясынын негизги өндүрүүчүсү болуп калк эсептелет, ал мал чарба продукциясынын жалпы көлөмүнүн 90% жакынын өндүрөт. Малдын башын салыштырмалуу көбөйтүүгө жетишкен менен, анын өнүмдүүлүгүнүн төмөндүгү, чыгымдардын көптүгү жана инфраструктуранын чабалдыгы көйгөйлөрүн чечүү талап кылынат. Эт жана жумуртка өндүрүү толук кандуу рацион үчүн талап кылынган деңгээлден аз экендиги белгилүү (2-табл.).

2-таблица - Тажик Республикасынын мал чарба өндүрүшүнүн деңгээли

| Продукция | Өлчөө бирдиги | Жылдар | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2013 | 2015 |
| эт | миң тонна | 129,8 | 134,3 | 143,2 | 150,7 | 172,9 | 217,7 |
| | киши башына, кг (тирүүлөй салмакта) | 8,8 | 9,3 | 9,5 | 9,9 | 10,7 | 25,61 |
| сүт | миң тонна | 601 | 629,7 | 660,8 | 695,9 | 828,1 | 888,9 |
| | киши башына, кг | 81,5 | 83,6 | 86,8 | 89,6 | 102,6 | 104,6 |
| жумуртка | миң даана | 151 | 188,4 | 231,9 | 254,7 | 343,7 | 357,2 |
| | киши башына, даана | 20,5 | 25,0 | 30,4 | 32,8 | 42,6 | 42,03 |

*Булагы:* Тажик Республикасынын айыл чарбасы. Стат. жыйнак. – Душанбе: 2012. - 33-б.; Азык-түлүк коопсуздугу жана жакырчылык // Маалымат бюллетени / ТР Президентинин алдындагы статистика боюнча агенттиги. – Душанбе: 2015. - №4. –15-б.

Демек, азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу системасына айыл чарба продукциясын жана чийки затты берүү үчүн республиканын ички ресурстук потенциалы жетиштүү деп тыянак чыгарууга болот (3-табл.).

3-таблица - Айыл чарба эгиндерин жана мал чарба продукцияларын өндүрүүнүн 2022-жылга чейинки прогноздук маанилери (миң тонна)

| Көрсөткүчтөр/жылдар | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| дан | 1457 | 1483 | 1508 | 1534 | 1560 |
| картошка | 977 | 998 | 1019 | 1040 | 1062 |
| жашылчалар | 1995 | 2102 | 2209 | 2315 | 2422 |
| бакча эгиндери | 607 | 629 | 652 | 674 | 696 |
| эт (миң тонна) | 128 | 136 | 143 | 151 | 158 |
| сүт (миң тонна) | 1046 | 1094 | 1141 | 1189 | 1237 |
| жумуртка (млн даана) | 456 | 484 | 511 | 539 | 567 |

* *автор тарабынан:* Илимий-практикалык конференциянын материалдарынын жыйнагы / Шарифзод М.М., Раджабов Р.К. ред. алд. - Душанбе: «Ирфон», 2016. – 572-б. *негизинде эсептелди*

Тажик Республикасында өздүк көмөкчү чарбалар менен дыйкан чарбаларынын продукциясынын үлүшү чоң. 2013-жылы айыл чарба өндүрүшүнүн курамында айдоо жерлеринин 20% азыраагына ээлик кылган өздүк көмөкчү чарбалардын үлүшү 65%, ал эми айдоо аянттарынын дээрлик 80% ээлик кылган дыйкан чарбаларынын үлүшү 30,2% гана түзгөн (2-чийме).




*Булагы:* Тажик Республикасынын айыл чарбасы. Стат. жыйнак. – Душанбе: 2014. – 352 б.

Айыл чарбасын азык-түлүк рыногунун ресурстук базасы катары баалоодо өздүк көмөкчү чарбалар менен дыйкан (фермердик) чарбалар тарабынан өндүрүлгөн айыл чарба продукциясынын үлүшү дээрлик 95% түзөрү аныкталды. Бул продукцияны жыйноо жана кайра иштетүү ишканаларына жеткирип берүү үчүн керектөөчүлүк кооперативдерин түзүүнү сунуш кылабыз. Тажик Республикасынын азык-түлүк ресурстарын калыптандыруу өзүнүн айыл чарба өндүрүшүнүн жана импорттун эсебинен жүргүзүлөт.

Киши башына негизги тамак-аш азыктарын иш жүзүндө жана нормативдик керектөөнүн анализи, нан азыктарын менен картошканы керектөө гана нормага ылайык экендигин көрсөттү, калган азыктарды керектөө нормадан бир топ төмөн: жашылчалар - 56,37% жана мөмө-жемиштер - 46%. Тамактануу рационунда малдан алынуучу тамак-аш азыктары нормадан кыйла аз: сүт жана сүт азыктары - 22,9%, эт жана эт азыктары - 24,4%. Балык керектөөнүн абалы өзгөчө начар – болжол менен 3% гана (4-табл.).

4-таблица - Тажик Республикасында азык-түлүктү өндүрүү жана импорттоо, 2015-жылы

| Азыктардын түрлөрү | Муктаж-дык (миң т) | Факт. өндүрүү (миң т) | Импорт (миң т) | Иш жүзүндө бар (миң т) | Камсызда-луу % | Өзүн-өзү камсыздоо % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| нан азыктары | 910,2 | 838,0 | 858,9 | 1696,9 | 186,4 | 92,0 |
| картошка | 553,0 | 887,4 | 51,0 | 938,4 | 169,69 | 158,0 |
| жашылчалар жана бакча эгиндери | 780,1 | 1667,8 | 16,1 | 1683,9 | 215,86 | 213,79 |
| мөмө, жемиштер | 610,8 | 299,2 | 34,9 | 334,1 | 54,69 | 48,98 |
| өсүмдүк майы | 80,7 | 14,1 | 84,1 | 98,2 | 121,68 | 17,47 |
| кант | 152,3 | 4,0 | 139,1 | 143,1 | 93,9 | 2,62 |
| эт жана эт азыктары | 265,1 | 217,7 | 85,3 | 303,0 | 114,29 | 82,11 |
| сүт и сүт азыктары | 1883,3 | 888,9 | 11,5 | 900,4 | 47,81 | 47,19 |
| жумуртка, даана | 1142,5 | 357,2 | 2,8 | 360,0 | 31,51 | 31,26 |
| балык жана балык азыктары | 86,4 | 2,02 | - | 2,02 | 2,3 | 2,3 |

*Булагы:* Тажик Республикасынын айыл чарбасы. Стат. жыйнак. – Душанбе: 2012. – 33-б. Тажикстан сандарда, 2015. Стат. жыйнак. – Душанбе: 2015. - 90-102-бб.

Таблицанын маалыматтары калктын негизги азыктар менен өзүнүн өндүрүшүнүн эсебинен камсыздалышы республиканын өкмөтү тарабынан аныкталган чектүү маанисинен (80%) төмөн экендигин көрсөтүп турат, бул азык-түлүк коопсуздугунда көйгөй бар экендигин тастыктайт.

Анализдин негизинде, биз Тажик Республикасынын керектөөчүлүк кооперациясы системынын нан азыктары жана шириндиктер, консервалар сыяктуу азык-түлүк продуктуларынын негизги түрлөрүн өндүрүү жана даярдоо боюнча ишмердүүлүгүнүн прогнозун иштеп чыктык. Тажик Республикасынын 2022-жылга чейинки чекене соодасынын жана керектөөчүлүк кооперациясынын прогноздук көлөмдөрү аныкталды. Айыл чарба эгиндеринин жана мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүүнүн прогноздук маанилери эсептелди. Картошканын дүң жыйымынын айдоо аянттарынан, түшүмдүүлүктөн, минералдык жана органикалык жер семирткичтерден көз карандылыгынын көп факторлук анализи жүргүзүлдү.

4-*жобо. Керектөөчүлүк кооперациясынын өндүрүү-даярдоо жана сатуу ишмердүүлүгүнүн анализи жүргүзүлдү, анын көйгөйлөрү, кемчиликтери, ошондой эле керектөөчүлүк кооперация системасынын өнүгүүсүнө таасир тийгизген факторлор аныкталды*

1991-жылы социалдык-экономикалык өзгөртүп түзүүлөр башталганга чейин республикада керектөөчүлүк кооперациясы өз алдынча уюм катары мыкты материалдык-техникалык базага ээ болуп, квалификациялуу кадрлар менен камсыздалган жана 856 миңден ашуун пайщиктерди бириктирип турган. Ал мезгилдеги чекене соода ишканаларынын саны - 5387 бирдикти, коомдук тамактануу мекемелери - 4019 бирдикти, даярдап берүү ишканалары - 119 бирдикти, өнөр-жай ишканалары – 398 бирдикти түзгөн.

1991-жылы өлкөдө чекене соодада кооперативдик ишканалардын үлүшү 49,8% түзсө, 2014-жылы бул көрсөткүч 1,9% чейин кыскарган. Товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмүндөгү азык-түлүк товарларынын үлүшүнүн өсүшү республиканын товар жүгүртүү түзүмүнүн деформацияланышына алып келген.

Азыркы мезгилде Тажикстандын керектөөчүлүк кооперациясынын негизги тармактары кризистик абалда болгондуктан, калктын кооперацияга тартылуу процесси абдан төмөн деңгээлде. Мисалга алсак, 2014-жылы калктын кооперациялашуу деңгээлинин көрсөткүчү анын 1991-жылдагы деңгээлинин 0,42% барабар болгон, ал эми калктын жалпы санындагы пайщиктердин үлүшү - 7,5 %, айыл калкыныкы- 9,2 % түзгөн, бул кооперативдик уюмдардын ролунун төмөндөгөнүн даана көрсөтүп турат.

Тажик Республикасынын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун эффективдүүлүгүн жогорулатууда облустук керектөөчүлүк уюмдары жетектеген райондук керектөөчүлүк коомдору түрүндөгү керектөөчүлүк кооперация системасы өзгөчө орунду ээлейт. Аталган система айыл чарба продукциясын сатып алуунун, аны өзүнүн ишканаларында кайра иштетүүнүн жана өзүнүн соода тармактары аркылуу сатуунун көлөмүн көбөйтүүдө. 2009-жылдан 2014-жылга чейин Тажик Республикасынын керектөөчүлүк кооперация чарбаларынын бардык категорияларында этти жана эт азыктарын сатып алуу 14,4%, картошканы сатып алуу 11,6%, жашылчалар - 36,7 %, мөмө-жемиштер 23,4% , сүт - 20,6% көбөйгөн (5-табл).

5-таблица - Тажик Республикасынын керектөөчүлүк кооперация чарбаларынын бардык категорияларында айыл чарба продукцияларын жана сырьесун сатып алуу, 2009-2016-жж.

| Продукциянын аталышы | Чен бирдиги | 2009 | 2011 | 2013 | 2014 | 2016 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| эт жана эт азыктары | тонна | 2086,0 | 2206,0 | 2210,0 | 2386,8 | 190,8 |
| сүт жана сүт азыктары | тонна | 1711,0 | 1788,0 | 1893,5 | 2063,9 | 165,1 |
| жумуртка | миң даана | 3655,4 | 4202,0 | 4371,6 | 4765,1 | 381,2 |
| картошка | тонна | 12690,4 | 12816,0 | 13239,4 | 14166,2 | 1133,3 |
| жашылчалар | тонна | 21230,0 | 22901,0 | 26826,1 | 29025,9 | 2322,1 |
| мөмө-жемиштер | тонна | 4507,0 | 4886,0 | 5137,1 | 5563,5 | 445,1 |

**Булагы: автор тарабынан* Тажик Республикасында керектөөчүлүк кооперациясын өнүктүрүүнүн перспективалары. - Душанбе: Тажикматлубот, 2015. – 82-б.; «Тажикматлубот» уюмунун 2016-жылга жылдык отчеттуулугу. – Душанбе: 2017. – 23-б. *негизинде эсептелди*

Бирок бул көрсөткүчтөр 2016-жылы кескин кыскарган. Мунун себеби 2016-жылдан тартып «Тажикматлубот» уюму өзүнүн балансындагы ишканаларды, мүлкүн жана жер тилкелерин патенттин же күбөлүктүн негизинде ишмердүүлүк жүргүзгөн физикалык жактарга ижарага берүүгө өткөн. Бул «Тажикматлубот» уюмунун ишмердүүлүгүнүн рентабелдүүлүгүнүн төмөндүгүнөн, жүгүртүү чыгымдарынын, анын ичинен салык төлөмдөрүнүн, структуралык бөлүмдөрдү кармоо чыгымдарынын салыштырмалуу жогору деңгээлинен улам ишмердүүлүктүн кирешелүүлүгүнүн жогорку деңгээлин камсыздоо мүмкүн эмес болуп калганы менен түшүндүрүлөт. Арендаторлор, «Тажикматлубот» уюмунун потенциалын пайдалануу менен андан ары азык-түлүк жана азык-түлүк эмес товарларды сатып алуу, өндүрүү жана реализациялоо иш-аракеттерин жасашат, түзүлгөн келишимдердин негизинде ага ижара төлөмдөрүн төлөшөт.

2009-2016-жылдар аралыгында «Тажикматлубот» системасында азык-түлүк товарларынын айрым түрлөрүн натуралдык көлөмүнүн көбөйүшү байкалганын белгилей кетүү зарыл (6-табл.)

6-таблица - Тажик Республикасынын керектөөчүлүк кооперация уюмдары тарабынан азык-түлүк товарларын өндүрүү, 2009-2016-жж. *

| Продукциянын аталышы | Чен бирдиги | 2009 | 2011 | 2013 | 2014 | 2016 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| нан жана нан азыктары | тонна | 6830,3 | 6077,2 | 6708,0 | 7028,0 | 670 |
| колбаса азыктары | тонна | 51,1 | 23,8 | 27,3 | 307,9 | - |
| кондитердик азыктар | миң куту | 317,4 | 317,1 | 453,0 | 481,7 | - |
| консервалар | миң шарттуу банка | 7392,4 | 10345,4 | 14735,0 | 16701,5 | 117,5 |
| алкоголсуз суусундуктар | миң д/литр. | 63,9 | 119,4 | 263,7 | 2782,6 | 1469,0 |

*Булагы: автор тарабынан* Тажик Республикасында керектөөчүлүк кооперациясын өнүктүрүүнүн перспективалары. - Душанбе: Тажикматлубот, 2015. – 82-б.; «Тажикматлубот» уюмунун 2016-жылга жылдык отчеттуулугу. – Душанбе: 2017. – 23-б. *негизинде эсептелди*

6-таблицанын маалыматтары, каралып жаткан мезгил ичинде республиканын керектөөчүлүк кооперация уюмдары тарабынан азык-түлүк товарларын өндүрүүнүн көлөмү тиешелүү түрдө нан жана нан азыктары, колбаса жана кондитердик азыктар, консервалар жана алкоголсуз суусундуктар боюнча 1,02, 6,02, 1,51, 2,26 жана 43,55 эсе көбөйгөнүн көрсөтүп турат. Бирок бул көрсөткүчтөр 2016-жылы жогоруда аталган себеп менен кескин азайган.

2014-жылы Тажикматлубот системасында эле эмес, республикадагы райондордун айрым структураларында коммерциялык ишмердүүлүктүн активдешүүсү байкалган. Тажикматлубот боюнча чекене соодасынын айлануусу 104,0 млн сомонини түзгөн, бул 2009-жылдагы ушул эле көрсөткүчтөн 1,12 эсе көп. 2009-жылы чекене сооданын жалпы көлөмүндөгү азык-түлүк товарларынын үлүшү 65,27% түзгөн болсо, андан кийинки 5 жыл ичинде бул көрсөткүч 75,38% болгон, башкача айтканда көбөйүү тенденциясы көрүнүп

турат. Тескерисинче - азык-түлүк эмес товарлардын үлүшү тиешелүү түрдө - 34,73%дан 24,62%га азайган.

*5-жобо. Керектөөчүлүк кооперация уюмдарынын ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн негизги багыттары азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо контекстинде аныкталды*

Азыркы шарттарда керектөөчүлүк кооперациясы системасынын ишмердүүлүгүнүн башкы багыттарын төмөнкүлөр түзүшү керек:

- көмөкчү айыл чарбаларын ар кандай бакча жана дан эгиндерин эгүү, малды, айрыкча койлорду бордоп багуу багытында өнүктүрүү;
- канаттууларды, коен багуу, калкка торпок, козу, жөжөлөрдү сатуу;
- кол өнөрчүлүктү кайра жандандыруу, жергиликтүү материалдар менен сырьедон – жүзүмдүн сабагынан, таш, чопо, саман, жыгачтан буюмдарды даярдоо, байпак, кол каптарды токуу, кийизден бут кийимдерди жасоо, өндүрүштүк калдыктарды пайдалануу;
- үй шартында нан бышыруучуларды ишке тартуу;
- үйдө, айрыкча алыскы ири айылдарда жана район борборлорунда, дүкөндөрдү ачуу;
- кичи өндүрүштөрдү: тегирмен, эгиндерди актоо, дан майдалоо, май жубаз, мык автоматтарын түзүү;
- сүттү калктан кабыл алуу жана каймагын жакынкы сүт заводуна кайра иштетүүгө тапшыруу сепаратордук пункттарды уюштуруу;
- кооперативдик ишмердүүлүктү каржылоо үчүн калктын каражаттарын тартуу;
- айылда ритуалдык жана тиричилик кызматтарын көрсөтүү чөйрөсүн калыбына келтирүү жана өнүктүрүү, бардык дүкөндөрдө муздаткыч, телевизор жана башка бардык үй-тиричилик техникаларын оңдоого буйрутмаларды кабыл алуу;
- айыл чарба техникасын ж.б. оңдоо, аны ижарага берүү тармактарын түзүү.

Тажикстанда 750 миң айыл тамарка тилкелери менен үй чарбалары жана 140 миңден ашык дыйкан чарбалары бар.

Өнүгүүнүн азыркы этабында, ири чарбалардын майда дыйкан (фермердик) чарбаларга бөлүнүү шарттарында, кооперативдердин ар түрдүү формаларын мезгилдин сыноосунан өткөн принциптер менен кайра жандандыруу – абдан маанилүү, эң актуалдуу маселе, анткени чарбаларынын өлчөмү чоң эмес болгондуктан дыйкан чарбалардын өсүү мүмкүнчүлүктөрү абдан чектелүү.

Республикада керектөөчүлүк кооперация уюмдары менен дыйкан жана жеке чарбалардын секторлорунун ортосунда байланыштарды түзүү да маанилүү болуп саналат. Кайра иштетүү цехтерин түзүү менен керектөөчүлүк кооперация уюмдары тарабынан фермерлерден жана калктан айыл чарба сырьесун жана продукцияларын андан ары сапаттту кайра иштетүү жана керектөөчүлөргө сунуш кылуу максатында сатып алуунун көлөмдөрүн көбөйтүү мүмкүнчүлүктөрү камсыз кылынат. Бул, бир жактан, калктын тамак-аш азыктарына физикалык жана социалдык жеткиликтүүлүгүн жакшыртат,

экинчи жактан - керектөөчүлүк кооперация уюмдарынын кирешелүүлүгүн жогорулатат.

Айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн атаандаштык потенциалын чыңдоо, алдыңкы технологияларды кийирүү аркылуу жер ресурстарын туруктуу пайдаланууну камсыздоо максатында чарбаларды кооперативдерге, ассоциацияларга жана чарба жүргүзүүнүн бөлөк формаларына бириктирүү аркылуу ирилештирүү жолдорун издөө, ошондой эле аларды мамлекет тарабынан бул процесске жигердүү кызыктыруу менен тармактык жана кесиптик кошуундарга бириктирүү зарыл.

*6-жобо. Республикада агрардык секторду туруктуу өнүктүрүү жана өлкөнүн азык-түлүк көз карандысыздыгынын деңгээлине жетүү боюнча рекомендациялар, азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу көйгөйүн чечүүнүн жолдору иштелип чыкты.*

Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу биринчи планга агроазык-түлүк секторун туруктуу өнүктүрүүгө жетишүүнү коет, ал үчүн монополияга каршы саясатты жүргүзүү, мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүлгөн техниканын лизинги жана товардык насыя системасын өнүктүрүү, азык-түлүк рыногунда бааларды коюу жана көзөмөлдөө, калктын төлөөгө жөндөмдүү суроо-талабын жакшыртуу максатында аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө азык-түлүктөн жардам берүү, өндүрүштү башка нукка буруууга колдоо көрсөтүү, кадрларды окутуу жана квалификациясын жогорулатуу, рынок шарттарына ыңгайлаштыруу максатында тиешелүү кеңеш берүү кызматтарын түзүү, протекционисттик саясатты жүргүзүү талап кылынат.

Жакынкы жылдарда чечүүчү маселелер катары дандан көз карандысыздыкты бекемдөө жана калктын унга муктаждыгын канааттандыруу, ал эми мал марбасында – тоютка муктаждыкты канааттандыруу каралышы керек. Тажикстанда түшүмдүүлүктү 1 га 20,5 центнерден 30,0-35,0 центнерге көбөйтүү учурдагы жер аянттарынан дан эгиндерин 1200-1400 миң тонна ашыкча алууга шарт түзөт. Бул, биздин оюбузча, өлкөнүн дандан көз карандысыздыгына жетишүүгө өбөлгө түзөт.

Өлкөнүн өсүмдүк майын өндүрүү менен өзүн-өзү камсыз кылышы азык-түлүк коопсуздугун камсыздоонун артыкчылыктуу багыты болуп саналууга тийиш. 2015-жылга өсүмдүк майына болгон муктаждык 1,6 эсе көбөйүп, 123,0 миң тоннаны түзгөн. Өсүмдүк майынын күнкарама, зыгыр жана соя майы сыяктуу башка түрлөрүн өндүрүүнү өздөштүрүү, калкты өсүмдүк майы менен камсыз кылуудагы чыңалууну бир топ азайтышы мүмкүн. Валюта ресурстарынан жыл сайын үнөмдөлгөн 90-100 млн доллар каражатты ата мекендик өндүрүштү өнүктүрүүгө багыттоого болот.

Калктын кантка болгон муктаждыгын камсыз кылуу жолдорун издөө да мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү өнүктүрүү жолу менен азык-түлүк көз карандысыздыгын жакшыртуу ишмердүүлүгүнүн олуттуу артыкчылыктуу багыты болуп саналат. 25 миң га жер аянтын башка эгиндерден бошотуп, кант кызылчасын айдоо мүмкүнчүлүктөрүн табуу жана 22-23% канттуулукту камсыз кылуу менен 230 миң тонна кант алууга болот. Бул канттан көз

карандысыздык көйгөйүн чечүүгө эле эмес, АӨЖКде жаңы жумуш орундарын түзүүгө жана мал чарбасынын тоют базасын чыңдоого шарт түзмөк.

Мал чарбасын анын тоют базасын чыңдоо жана малдын тукумун жакшыртуу жолу менен өнүктүрүү багытында ишти жолго коюу зарыл. Бул чөйрөдө эң оболу канаттуулар чарбасын өнүктүрүү артыкчылыкка ээ болушу керек.

Жакынкы келечекте азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу үчүн тармакка ар тараптуу, анын ичинен түз мамлекеттик колдоо көрсөтүү менен айыл чарбасын модернизациялоо талап кылынат. Бул маселени чечүү үчүн «жашыл революция» ыкмаларын, жаңы технологияларды кийирүүнүн, жаңы жерлерди өздөштүрүүнүн, АӨЖК жана дыйкан (фермер) чарбаларына селективдик колдоо көрсөтүүгө бөлүнгөн каражаттарды рационалдуу колдонуунун эсебинен айыл чарбасынын потенциалын пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатка ылайык.

## ТЫЯНАКТАР ЖАНА СУНУШТАР

Тажик Республикасынын материалдарында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо системасында керектөөчүлүк кооперациясын өнүктүрүү боюнча төмөнкүдөй тыянактар жана рекомендациялар иштелип чыкты:

1. Калкты азык-түлүк товарлары менен туруктуу камсыз кылуу «Тажикматлубот» Союзу керектөөчүлүк кооперациясы системасынын айыл чарба керектөөчүлүк кооперативдеринин, алардын кошуундарынын, ишканаларынын жана уюмдарынын жигердүү катышуусу менен ишке ашырылууга тийиш.

2. Керектөөчүлүк кооперация уюмдарынын биргелешкен ишмердүүлүгүнүн варианттарын караштыруу, айыл чарба өндүрүштүк кооперативдерин түзүү, азык-түлүк менен камсыздоо системасында айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүн кооперативдерге, ассоциацияларга жана кооперациянын башка формаларына бириктирүү, айыл чарба продукцияларын өндүрүүнү көбөйтүүгө шарт түзгөн өздүк көмөкчү жана дыйкан (фермер) чарбалардын потенциалын толугураак пайдалануу зарыл.

3. Керектөөчүлүк кооперативдеринин натыйжалуулугу негизинен аларды уюштурууга, калыптандырууга жана иштөөсүнө илимий негизделген жолдорду пайдалануу менен шартталат. Мында төмөнкү этаптарды эске алууну сунуш кылабыз: а) продукция өндүрүүчүлөр менен кайра иштетүүчүлөрдүн ниеттерин аныктоо жана тиешелүү даярдоону уюштуруу, кооперативдин катышуучуларын аныктоо, конкреттүү формаларын тандоо жана анын мүчөлөрүнүн ортосундагы өз ара байланыштардын механизмин иштеп чыгуу; б) потенциалды талдоо жана баалоо, аны пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо жана аны эске алуу менен керектөөчүлүк кооперативинин өнүгүүсүнүн божомолун жасоо; в) керектөөчүлүк кооперативинин чарбалык ишмердүүлүгүн региондун спецификасын жана жаратылыштык-экономикалык факторлорунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен уюштуруу боюнча конкреттүү иш-чараларды аткаруу.

5. Азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо системасында керектөөчүлүк кооперациясын өнүктүрүүдө чарба продукциясын өндүрүү жана кайра иштетүү чыгымдарын кыскартууга, өздүк көмөкчү жана дыйкан (фермер) чарбалардан айыл чарба продукциясын жана сырьену сатып алууну көбөйтүүгө, ири айыл чарба ишканаларын керектөөчүлүк кооперативдерине тартууга шарт түзгөндөй маркетинг усулдарын толугураак пайдаланууну сунуш кылабыз. Биргелешкен ишмердүүлүктүн кирешелери кооперация боюнча өнөктөштөрдүн арасында кооперативдин ишмердүүлүгүнө анын ар бир мүчөсүнүн конкреттүү салымына жараша бөлүштүрүлөт.

6. «Тажикматлубот» Союзунун райондук керектөөчүлүк коомдору системасынын базасында айыл чарба продукцияларын өндүрүүчүлөр (айыл чарба ишканалары, өздүк көмөкчү жана дыйкан (фермер) чарбалар) менен биргелешип керектөөчүлүк кооперативдерин түзүүнү, облустун деңгээлинде - райондук керектөөчүлүк кооперативдерин түзүүнү сунуш кылабыз. Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу системасын өнүктүрүүдө «Тажикматлубот» Союзунун жетекчилиги алдында керектөөчүлүк кооперация системасынын уюмдарынын, айыл чарба керектөөчүлүк кооперативдеринин, алардын кошуундарынын ролун жана маанисин азык-түлүк товарларын өндүрүүчүлөрдү, даярдап берүүчүлөрдү, кайра иштетүүчүлөрдү жана сатуучуларды камтыган кооперативдик бирикмелерди түзүү жолу менен жогорулатуу зарыл. Айыл чарбасынын негизги тармактары: мал чарбачылыгы менен дыйканчылыкты тейлөө боюнча керектөөчүлүк кооперативдерин түзүү кооперацияны өнүктүрүү өтө актуалдуу маселе болуп саналат.

8. Мамлекеттик бийлик органдарына тармактык кооперативдик продуктулук кошуундар жана керектөөчүлүк кооперациясы менен тиешелүү укуктук актыларды кабыл алуу боюнча байланыштарды чыңдоону сунуш кылабыз. Азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо системасында керектөөчүлүк кооперациясын модернизациялоо максатында илим-изилдөө институттары менен ЖОЖдордун окумуштууларынын катышуусунда кооперативдик кошуундарда жана ассоциацияларда улуттук деңгээлде тармактык илимий-өндүрүштүк системасын түзүүнү, азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу системасында иштөөнүн эрежелерин жөнгө салуучу жана анын өнүгүүсүнө жооп бергендей өзүн-өзү башкаруунун жана көзөмөлдүн формаларын өркүндөтүүнү сунуштайбыз.

9. Тажик Республикасынын калкын тамак-аш азыктары менен кепилденген толук кандуу камсыздоо үчүн төмөнкүлөр максатка ылайык деп эсептейбиз:

- кооперативдик түзүмдөрдүн, айыл чарба, тамак-аш, кайра иштетүү өнөр-жайы, соода, коомдук тамактануу ишканаларынын иш-аракеттерин азык-түлүк менен камсыздоо системасын кооперациянын артыкчылыктарын кеңири пайдалануу менен өнүктүрүүгө багыттоо;

- кооперативдердин азык-түлүктү өндүрүүлөр, кайра иштетүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн ортосундагы натыйжалуу байланышын камсыз кылуу артыкчылыктарын пайдалануу менен азык-түлүктүн көп каналдык товар кыймылы системасын өнүктүрүү;

- кайра иштетүү ишканаларында, анын ичинен керектөөчүлүк кооперация системасында, жогорку даярдыктагы продукцияларды: эт, балык, сүт азыктары, жашылча полуфабрикаттары, акшактарды ж.б.у.с. өндүрүүнү жайылтуу;

- сырьену жана даяр продукцияны өндүрүүчүдөн керектөөчүгө чейин жеткирүүдө азык-түлүктү таңгактоону жана сактоону модернизациялоо.

10. Айыл чарба керектөөчүлүк кооперативдеринин жардамында анын азык-түлүк рыногу менен майда товардык айыл чарба өндүрүшү системасына шайкеш келген байланыштарын орнотуу зарыл.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ ТӨМӨНКҮ МАКАЛАЛАРДА ЖАРЫЯЛАНГАН:

1. Олимов И.А. Развитие потребительской кооперации и ее роль в обеспечении продовольственной безопасности // Вестник Российско - Таджикского (славянского) университета (научный журнал). – Душанбе, 2017, № 1 (57).-С.164-168.
2. Олимов И.А. Проблемы и возможности аграрного сектора в обеспечении продовольственной безопасности// Вестник Таджикского национального университета (научный журнал). – Душанбе: «Сино» 2012, № 2/6 (95).-С.100-105.
3. Олимов И.А. Развития аграрного производства как фактор обеспечения продовольственной безопасности в Республике Таджикистан// Вестник Российско - Таджикского (славянского) университета (научный журнал). – Душанбе, 2014, № 2 (45).-С.108-114.
4. Олимов И.А. Государственная поддержка аграрного сектора в пути обеспечения продовольственной безопасности // Вестник Таджикского аграрного университета (научный журнал). – Душанбе, 2015, № 2 (66).-С.64-66.
5. Олимов И.А., Эргашев М. и др. Устойчивое управление землепользованием в высокогорье Памира и Памиро-Алая – интегрированная и трансграничная инициатива в Централь ной Азии // Сводный отчет. Депонирована рукопись в НПИЦентре. – Душанбе, № 12 (1861) от 21.12.2011г. 46 стр.
6. Олимов И.А., Маматов Т. Анарбаев М. и др. Пути устойчивого управления землепользованием в высокогорье Памира и Памиро-Алая // журнал Университета ООН в Европе/Институт Окружающей среды и безопасности человека, Бонн, Германия 2012. № 5, 45 стр.
7. Олимов И.А., Эргашев М. Проблемы опустынивания и низкой продуктивности животноводство в Мургабском районе ГБАО Республики Таджикистан//Материалы пятого Международного Форума по опустыниванию (г. Кубуги 28-29 июля 2015 г.) г. Кубуги, Китай: Издательство международного торгового центра Чемсанни, 2015.- С.104-112.
8. Олимов И.А., Эргашев М. Текущее состояние и совершенствование институциональной базы решения проблем деградации и низкой продуктивности сельского хозяйства в Таджикистане // Международный

ежегодник по сохранению почв и законодательстве. Издательство Университета Новой Англии, Армидейл, Австралия 2017. № 978-3-319, 240 стр.

9. Олимов И.А. Развитие цепочек добавленной стоимости и сельского предпринимательства в пути обеспечения продовольственной безопасности в Республике Таджикистан»

10. Олимов И.А. Развитие фермерства в Республике Таджикистан и необходимость его кооперирования на пути достижения продовольственной независимости»

11. Проблемы сельскохозяйственного сектора и пути повышения эффективности его государственного регулирования и поддержки (статья). Проблемы устойчивого экономического роста и человеческого развития: материалы респ. науч.-практ. конф. - Душанбе: Институт экономики и финансов Таджикистана (28.10. 2014 г.). -Душанбе, 2014. –С. 25-29.

12. Некоторые специфические социально-экономические проблемы и проблемы миграции в высокогорной части республики. Трудовая миграция, денежные переводы внешных трудовых мигрантов, развитие предпринимательства в РТ: материалы респ. науч.-практ. конф. том 2. - Душанбе: РТСУ, 2011 г. –С.128-133.

13. Проблемы и перспективы социально-экономического развития ГБАО. Отчет и материалы итоговой международной конференции «Стратегия развития Памира», октябрь 2004. 53 стр.

**Олимов Исломхуджа Ахмадовичтин 08.00.05. - Экономика жана эл чарбасын башкаруу (ишмердүүлүктүн тармактары жана чөйрөлөрү боюнча – кызмат көрсөтүү чөйрөсү) адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу стратегиясын ишке ашырууда керектөөчүлүк кооперацияларынын ролу» деген темада даярдалган диссертациялык ишинин**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** керектөөчүлүк кооперациясы, айыл чарба кооперативи, өздүк көмөкчү чарбалары, дыйкан (фермер) чарбасы, азык-түлүк коопсуздугу, азык-түлүк көз карандысыздыгы, өндүрүштүк-сатып алуу ишмердүүлүгү, камсыздоо-сатуу ишмердүүлүгү, керектөөчүлүк товар, керектөөчүлүк рыногу, тамак-аш азыктарын өндүрүү, тамак-аш азыктарынын импорту.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо системасы жана керектөөчүлүк кооперация уюмдарынын өлкөнүн азык-түлүк көз карандысыздыгына жана коопсуздугуна жетүү жолундагы ишмердүүлүгү саналат.

**Изилдөөнүн предмети** – Тажик Республикасында азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо процессинде жана керектөөчүлүк кооперациясын өнүктүрүүдө келип чыккан уюштуруучулук-экономикалык мамилелер. Изилдөөнүн башкы максатын керектөөчүлүк кооперациясы системасын өнүктүрүүнүн теориялык-методологиялык негиздерин изилдөө, анын азык-түлүк коопсуздугун камсыздоодогу ролун баалоо жана керектөөчүлүк кооперациясын өнүктүрүү жана азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу боюнча тыянактарды жана сунуштарды иштеп чыгуу түздү.

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө экономикалык изилдөөнүн монографиялык, аналитикалык, абстракттык-логикалык, экономикалык-статистикалык, эсептик-конструктивдик жана башка ыкмалары колдонулду.

Изилдөөнүн жаңылыктары жана автор тарабынан алынган коргоого алынып чыгуучу олуттуу жыйынтыктары төмөнкүлөр:

- керектөөчүлүк кооперациясын өнүктүрүүнүн теориялык-методологиялык негиздери аныкталды, анын маңызы ачып көрсөтүлдү, республиканын АӨЖКдеги кайра өндүрүү процесстерин өнүктүрүү ыкмаларын жана азыркы шарттарда аны модернизациялоонун негизги шарттарын эске алган керектөөчүлүк кооперациясынын орду жана ролу азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу контекстинен алып аныкталды;
- Тажик Республикасынын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун теориялык-методологиялык негиздери аныкталды, анын маңызы жана өзгөчөлүктөрү агроазык-түлүк чөйрөсүн өнүктүрүүнүн заманбап факторлорун эске алуу менен такталды;
- азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу боюнча кырдаалдын, азык-түлүк көз карандысыздыгына жетүү деңгээлинин анализи жүргүзүлдү жана негизги азык-түлүк товарларын өндүрүүнүн божомолу жасалды;
- керектөөчүлүк кооперациясынын өндүрүү-даярдоо жана сатуу ишмердүүлүгүнүн анализи жүргүзүлдү, анын учурдагы абалы жана анын өнүгүүсүнө тышкы шарттардын таасири бааланды;
- керектөөчүлүк кооперациясын өнүктүрүүнүн негизги багыттары, керектөөчүлүк кооперация уюмдарын башкаруу системасын өркүндөтүү боюнча концептуалдык көз караштар аныкталды жана негизделди;
- азык-түлүк көз карандысыздыгына жетишүү жолунда агрардык сектордун өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу максатында секторду туруктуу өнүктүрүүнүн негизги багыттары аныкталды.

Автор тарабынан алынган диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары, автордун макалаларында чагылдырылды, ар кандай илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда, тегерек столдордо баяндалды. Мындан тышкары, диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары, Тажикстандын жана Россия-Тажик (Славян) университетинде жана Ишкердик жана сервис институтунда «Экономикалык коопсуздук», «Маркетинг», «Менеджмент», «Товар таануу жана товарлардын экспертизасы», «ТЭИ бажы-тариф жөнгө салуу» жана «Башкаруу эсеби» дисциплиналарын окутуу процессинде лекцияларды, семинардык жана практикалык сабактарды өткөрүүдө, жумушчу программаларды иштеп чыгууда колдонулду.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Олимова Исломхуджа Ахмадовича на тему: «Роль потребительской кооперации в реализации стратегии обеспечения продовольственной безопасности» на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05. - Экономика и управление народным хозяйством (по отраслям и сферам деятельности – сфера услуг).**

**Ключевые слова:** потребительская кооперация, сельскохозяйственный кооператив, личное подсобное хозяйство, дехканское (фермерское) хозяйство, продовольственная безопасность, продовольственная независимость, производственно-закупочная деятельность, снабженческо-сбытовая деятельность, потребительский товар, потребительский рынок, производство продуктов питания, импорт продуктов питания.

**Объект исследования** является система обеспечения продовольственной безопасности и деятельность организаций потребительской кооперации на пути достижения продовольственной независимости и безопасности страны.

**Предмет исследования** – организационно-экономические отношения, возникающие в процессе обеспечения продовольственной безопасности и развития потребительской кооперации в Республике Таджикистан. Главная цель исследования состоит в изучении теоретико-методологических основ и разработке выводов и рекомендаций по развитию системы потребительской кооперации и обеспечения продовольственной безопасности.

При выполнении диссертации применялись монографический, аналитический, абстрактно-логический, экономико-статистические, расчетно-конструктивный и другие методы экономических исследований.

Научная новизна и наиболее существенные результаты, полученные лично автором и выносимые на защиту, состоят в следующем:

- раскрыты теоретико-методологические подходы к развитию потребительской кооперации, выявлена её сущность, определены место и роль потребительской кооперации в системе АПК республики в контексте обеспечения продовольственной безопасности, предусматривающий методы развития воспроизводственных процессов в агропромышленном комплексе и основные условия его модернизации в современных условиях;
- раскрыты теоретико-методологические основы, уточнены сущность и особенности обеспечения продовольственной безопасности Республики Таджикистан с учётом современных факторов развития агропродовольственной сферы;
- Проведен анализ ситуации с обеспечением продовольственной безопасности, достижения продовольственной независимости и разработан прогноз производства основных видов продовольственных товаров;
- проведён анализ производственно-заготовительной и сбытовой деятельности потребительской кооперации и оценён её современный уровень и влияние внешних условий на развитие потребительской кооперации;
- предложены и обоснованы основные направления развития потребительской кооперации, концептуальные подходы к совершенствованию системы управления организациями потребительской кооперации;
- определены основные направления устойчивого развития аграрного сектора, с целью повышения его производительности на пути к достижению продовольственной независимости.

Результаты диссертационного исследования, полученные автором, нашли отражение в ряде статей автора, в докладах на различного рода научных и научно-практических конференциях, семинарах, круглых столах. Кроме того, результаты диссертационного исследования, полученные автором, нашли практическое применение в учебном процессе при чтении лекций, разработке рабочих программ, проведении семинарских и практических занятий в Институте предпринимательства и сервиса Таджикистана и Российско-Таджикском (Славянском) университете по дисциплинам: «Экономическая безопасность», «Маркетинг», «Менеджмент», «Товароведение и экспертиза товаров», «Таможенно-тарифное регулирование ВЭД» и «Управленческий учет».